Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Ж.Баласагын атындагы кыргыз улуттук университети жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу Д 10.20.616 диссертациялык кеңеште корголо турган (10.01.09. – фольклористика адистиги боюнча) **Маданова Кызбурак Жапаровнанын "Манас" эпосундагы байыркы диний ишенимдердин эпикалык мотив катары берилиши (С. Каралаевдин жана Б. Сазановдун варианттары боюнча)"** деген темадагы кандидаттык диссертациясына филология илимдеринин доктору, профессор С.О Байгазиевдин оппоненттик

# ПИКИРИ

Изденүүчү ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин окутуучусу Маданова Кызбурак Жапаровна тарабынан берилген **"Манас" эпосундагы байыркы диний ишенимдердин эпикалык мотив катары берилиши (С. Каралаевдин жана Б. Сазановдун варианттары боюнча)"** деген темада жазган кандидаттык диссертациясын талдап чыгып, төмөндөгүдөй корутундуга келдик:

К.Ж. Мадановaнын "Манас" эпосундагы байыркы диний ишенимдердин эпикалык мотив катары берилиши (С.Каралаевдин жана Б.Сазановдун варианттары боюнча)" деген темадагы кандидаттык диссертациясы диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Иште 10.01.09-фольклористика адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет. Көөнө диний ишенимдердин эпосто кездешүүсү, алардын калыптануу эволюциясы эпикалык мотивге чейин өсүп-өнүгүү тарыхы, алардын эпостун салттуулугундагы жана поэтикасындагы орду боюнча изилдөөлөр жүргүзүлөт.

**Иштин максаты** В.М.Жирмунский "Манастын" көркөм составынын көп катмарлуулугун, эпосто эң байыркы, кийинки жана соңку замандарга тиешелүү эпикалык катмарлар жана тарыхый өнүгүүнүн түрдүү тепкичтерине мүнөздүү аң-сезим формалары бар экендигин, архаикалык катмар катары мифтик, тотемдик, шамандык ж.б. мотивдердин орун алгандыгын, эпопеянын доорлордогу нечендеген кылымдарды сыдырып өткөн көп стадиялуулугун, адегенде бир кичинекей ыр булак катары жаралып, анан бара-бара поэтикалык дайрага айланып, далайлаган замандардын тарых-жомокторун, уламыш-санжыраларын, дастандарын, эпикалык сюжеттерин алпкаракушчасынан улам "жутуп" алып, боюна сиңирип отуруп, акыры чалкыган поэзия океанына айлангандыгын аргументтер менен далилдеп көрсөткөн.

ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 142/04
«11» 05 2021 г.

Улуу окумуштуу Жирмунский белгилеп, изилдөөчүлүк актуалдуу проблема катары аныктаган ошол көөнө аң-сезим формаларын конкреттүү, деталдуу изилдөөнү диссертант өз алдынча максат кылып койгон. Манастагы көп катмарлуулукту түзгөн архаикалык дүйнө кабылдоо жагдайларды изилдөөнүн актуалдуулугу да ушунда. Улуттук аң-сезим баскан жолду аныктап ачуу бүгүнкү илимдин талабы.

Эпостогу архаикалык мотивдер диний жана мифологиялык өңүттө болуп, кээде булар синкреттешкен формада да учурайт. Аталган мотивдер жай турмуштук жана согуштук окуялар арасында айтылган чакан кабарлардан гана эмес, элдин абалы, жашоо шарты, үрп-адаты, көз карашы кеңири баяндалган көлөмдүү бөлүмдөрдөн да арбын жолугат. Эпостун бул мүнөздөгү бөлүмдөрүнүн ар бири калк турмушунун белгилүү бир жагын чагылдырууга арналып, ошол көрүнүшкө тиешелүү ар тараптуу жана терең деталдаштырылган эң бай маалыматтарды ичине камтыйт.

Изилдөөнүн максатын жүзүгө ашыруу үчүн диссертант төмөндөгүдөй **милдеттерди** өз алдына койгон:

1. Фольклорист, этнограф жана дин таануучу окумуштуулардын көөнө диний ишенимдер боюнча изилдөөлөрүн, илимий көз караштарын иликтеп, жалпылоо.

2. Көөнө диний ишенимдердин "Манас" эпосунда кыргыздардын ачык дүйнө таанымы катары берилишин аныктоо ачуу.

3. Кыргыз элинин байыркы диний ишенимдеринин ички мазмунун, структурасын жана атрибутикаларын иликтөө, эпикалык чагылышында ырастоо.

4. Кыргыз элиндеги жана башка элдердеги көөнө диний ишенимдерди салыштырып талдоо, эпостун мисалында ачып берүү.

5. Улуттук дин болуп калган же дүйнөлүк диндер менен синкреттешкен айрым салттуу ишенимдердин калыптануу жана өнүгүү тарыхын эпостун мисалында талдап далилдөө.

6. Кыргыздардын коомдук турмушундагы көөнө диндердин жана анын ичиндеги теңирчилик дининин ролун изилдөө жана баалоо, "Манас" эпосунда салттуу эпикалык мотив катары келүүсүн аныктоо.

Изилдөөчү бул аталган милдеттерди чечүү үчүн алдын ала методологиялык жана методикалык инструменттерди тандап алган. Иште

историзм методологиясы салыштырма-типологиялык, салыштырма-тарыхый, сыпаттама методдору колдонулган.

Диссертациялык иш киришүүдөн, главадан, сегиз параграфтан, гвалар боюнча кыскача корутундулардан, жалпа корутундудан, практикалык сунуштардан, айрым сөздөрдүн түшүндүрмөсүнөн, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Диссертациялык иштин киришүү бөлүмүндө ВАКтын талаптарына ылайык иштин актуалдуулугу, диссертациялык иштин башка чоң программалар жана илимий иштер менен болгон байланышы, максаты, милдеттери, жаңычылдыгы, тероиялык жана практикалык мааниси, коргоого алып чыгып жаткан жоболордон, ага кошкон жеке салымы өңдүү маселелер менен баяндалат.

Теориялык негиз катары, чет элдик жана орус фольклористикасында Э.Тайлор, ДЖ.Фрэзер, К.Г.Юнг, Л.Я.Штенберг, С.А.Токарев, В.Н.Топоров сыяктуу окумуштуулардын эмгектери пайдаланылган. Ошондой эле, Маданова кыргыз фольклористикасында фольклордук жанрдагы, анын ичинде “Манас” эпосундагы диний мотивдер боюнча фольклорист, этнограф Э.Абдылдаев, С.М.Абрамзон, Р.З.Кыдырбаева, И.Б.Молдобаев, Ш.Б. Акмолдоева, Т.Д.Баялиева сыяктуу илимпоздордун эмгектериндеги илимий тыянактарга таянган. Ушуга удаа белгилеп өтө турган нерсе, К.Маданова аталган кыргыз окумуштууларынын эмгектеринде фольклордук, этнографиялык, тарыхый, философиялык ж.б. планда “Манас” эпосунун оозеки эпикалык салттарынын өнүгүүсүнүн өзөктүү маселелери болгон эпостун келип чыгуусу, стадиалдык-тарыхый өрчүшү, поэтикасы жана образдык тутуму, генеологиялык циклдешүү, айтуучулук өнөр, эпостун варианттарын салыштырмалуу изилдөө, эпикалык мейкиндик жана убакыт маселеси, архаикалык жана диний катмарлар сыяктуу маселелер тастыкталып, жалпылоолорду жасаган.

К.Мадановanын дүйнөлүк жана кыргызстандык фольклорист окумуштуулардын эмгектеринин теориялык казынасын, методологиялык базасын өздөштүрүп, илимий даярдыктан өтүшү диссертациялык иштин илимий мазмунуна жана сапатына, деңгээлине өзүнүн жемиштүү таасирин тийгизген деп айтууга болот.

Илимий изилдөөнүн жаңылыгын жана жыйынтыктарын айтсак, буга чейин тарыхый этнографиялык фольклористикалык, философиялык, дин таануучулук изилдөөлөрдө тотемизм, анимизм, шаманизм, фетиштик көз караштар, теңирчилик ар҆кандай аспектиден каралып келген. Бирок бул көөнө ишенимдер “Манас” эпосунун мисалында атайы системалуу түрдө изилдөөгө

алынган эмес. К.Мадanovанын изилдөөлөрүнүн жаңылыгы аталган байыркы түшүнүк – ынанымдарды “Манас” эпосунун эпикалык катмарларынын мисалдарында аналитикалык талдоолордун негизинде системалуу мүнөздө ырасталып, маани-маңызы ачылгандыгында жана алардын сюжеттик структурадагы функциясынынын аныкталгандыгында.

1. Көөнө диний ишенимдер боюнча эпостун текстинде деталдаштырылган талдоо аркылуу алардын маңызы ачылат.

2. Көөнө диний ишенимдердин фольклордук аспектилери каралат, алардын мазмуну, структурасы ачылып аныкталат.

3. Көөнө диний ишенимдердин атрибутикасы классификацияланат, б.а. мифология, жөрөлгөлөр, салт-санаалар, символдор.

4. Тотемизмдин “Манас” эпосунун сюжетинде эң көөнө ишеним катары уруунун келип чыгышына байланыштуу илимий жактары ачылган.

5. Анимизмдин байыркы аң-сезимдик маңызы эпостун сюжетинин мисалында аныкталган.

6. Шаманизмдин ритуалдык-фольклордук, культтук-жөрөлгөлүк мааниси эпикалык мотив тутумунда ачылып берилген.

7. Фетишизмдин эпикалык мотив катары эпосто берилиш өзгөчөлүктөрү далилденген.

8. Теңирчилик ишениминин өзүнчө бир дин катары объективдүү тарыхый себептери ачылат.

Р.З.Кыдырбаева Ортоазия, Түштүк Сибир, моңгол ареалдарындагы эпикалык баяндардын сюжет, идея, образ, мотив, поэтикалык элементтер жагынан көп жерлерде үндөштүгүн, типтештигин Жирмунский айткандай, элдердин тарыхый тагдырларынын, кечөөкү коомдук өнүгүү тепкичтеринин бирдейлигинен чыккан типологиялык дал келүүлөр деп гана эсептебестен, бул көрүнүш тарыхта тагдыр жолдору далай кесилишкен кыргыз, алтай, хакас, якут, моңгол калктарынын этногенетикалык, этно-тарыхый жана фольклордук байланыштары менен шартталган кубулуш экенинин далилдүү түшүндүрөт.

Илимдеги салыштырма-типологиялык талдоо салтын Риса Заитовна Кыдырбаева устаттын эстафетасын улап, Кызбурак Маданова да колдонгон. Маданова “Манасты” көөнө ишенимдерди Сибир, Алтай элдеринин фольклорундагы архаикалык түшүнүктөр менен салыштырып, типологиялык жалпылыктарды таап, анын себебин элдердин тарыхый жашоосунун

стадиалдык бирдейлигинен көрөт. Мунун өзү диссертанттын ой жүгүртүүсүн илимий жетишкендигин күбөлөйт.

Ар кандай элдин элдик оозеки чыгармачылыгы жалпы адамзатка мүнөздүү болгон диний-мифологиялык башаттарга барып такалат, башкача айтканда элдин көркөм сөз өнөрү эзелки доорлордо адамзаттын алгачкы жамааттык доорунда аң-сезимдик деңгээлде жашаган көөнө диний ишенимдерден, мифтерден өзөк алган. Биз изилдөө объектиси катары алган “Манас” эпосундагы байыркы диний мотивдердин эпосто кездешүүсү, аны жараткан кыргыз элинин дүйнөдөгү эзелки элдерден экендигине түздөн-түз байланыштуу. Ошондуктан элибиздин эпикалык ойлоосунда, анын туундусу катары эпосто диний ишенимдик байыркы катмарлардын белгилери сакталып калган.

Диссертанттын өз ойлорун жыйынтыктап келип: “...Көөнө диний ишенимдер боюнча окумуштуулардын илимий пикирлери, алардын мазмунуна жана баалуулуктарына байланыштуу берген баалары каралды. Түрк-монгол элдеринин маданиятын, анын ичинде фольклорун изилдөөдө шаманизмге чоң көңүл бөлүнгөнү, теңирчилик жана тотемизм, анимизм, шаманизм, фетишизмдин улуу “Манас” эпосунда эпикалык мотив катары берилиши, алардын айырмасы, сюжет куруудагы ролу белгиленди. Окумуштуулардын изилдөөлөрүндөгү көөнө диний ишенимдердин мифологиясына жетиштүү конул бөлүнүүсү дүйнөнүн жаралышы, ааламдын, адамдын жаратылышына ж.б. байланыштуу фольклордук материалдарда, анын ичинде “Манас” эпосундагы мисалдарда каралды. Теңирчилик айрым диний булактарда бардык түрк-моңгол элдеринин дүйнө карашы катары эсептелгени менен бул элдерди маданий жана руханий жактан бириктирүүчү универсалдуу кубулуш экендиги эпостун мисалында аныкталды. Көөнө диндер феномени көптөгөн кылымдар бою түрк-монгол элдерин уюштуруучу жана бириктирүүчү күч катары болуп келгендиги, айрыкча орто кылымдардагы буддизм, христиан дини жана исламга караганда эффективдүүлүгү белгиленди. Орто кылымдарда теңирчилик ишениминин дүйнөлүк диндер тарабынан акырындап сүрүлүп чыга башташы, бирок, кыргыз элинде жана “Манас” эпосунда ушул күнгө чейин анын салттарынын жана ритуалдарынын сакталышы көрсөтүлдү. Түрк элдериндеги, анын ичиндеги кыргыз элиндеги теңирчилик жана исламдын синкретизми, мусулман догмасынын жана Көк Теңирдин алдындагы бирдиктүү кудайга ишенүүгө негизделген көөнө ишенимдин айкалышып жашоосу аныкталды” (165-166-беттер) деген илимий корутундулары менен макул болууга болот.

**Изилдөөнүн теориялык мааниси.** Бул диссертациянын илимий тыянактары, табылгалары жалпы эле кыргыз фольклорундагы этносторду эпикалык өңүттө иликтөө проблемалары боюнча мындан кийин жүргүзүлүүчү изилдөөлөргө көмөк, багыт болуп бере алат.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү**

Диссертациялык иштен алынган натыйжалардын практикалык мааниси анын негизи жоболору кыргыз элинин көөнө диний ишенимдеринин андан ары тереңдетип изилдөө жараянында колдонууга болооруна байланыштуу коомчулуктун кызыгууларын жаратат. Дин, маданият чөйрөсүндөгү саясат азыркы мезгилде объективдүү, илимий негизделген, перспективдүү жоболорго муктаж. Ошондуктан, каралып жаткан маселенин практикалык сунуштарды берүүгө болот.

- орто мектептерде жана жогорку окуу дайларындагы манастануу сабактарынын мазмунуну жана объектисин кеңейтип окууга колдонулат;
- манастаанууга, жалпы эле кыргыз фольклоруна арналган атайын окуу куралдарын түзүүдө пайдаланылат;
- студенттер, аспиранттар жана фольклор изилдөөчүлөргө кошумча илимий булак катары тартууланат.

Диссертациянын мазмуну илимий журналдарда жарыяланган 12 макаласында чагылдырылган.

Жогоруда белгиленген артыкчылыктар менен катар иште айрым мүчүлүштүктөр да жок эмес. “Манаста” байыркы ишенимдер менен катар бийик, жалпы адамзаттык деңгээлдеги рухий, патриоттук ишеним, көз караштар, идеялар да бар. “Манасты” улуу кылып турган ошол дөөлөттөр. Архаикалык катмарлар жөнүндө кеп кылып жатып, ошол бийик катмарлар жөнүндө да учкай болсо да сөз кыла кетүү оң боло эле деген ой. Албетте бул изилдөөнүн предмети эмес, бирок эпостун бийик, өлбөс-өчпөс идеялары тууралуу эскерте кетүү артыкбаштык кылмак эмес.

Иште мурда айтылган ойлорду вариациалап кайталаган учурлар бар. Айрыкча теңирчилик жөнүндөгү параграфта.

Бири-биринин үстүнө минишип калган, бир катар сүйлөмдөрдөн турган татаал сүйлөм курулмалары, стилдик кемчиликтер да айрым жерлерде кездешет.

Бирок бул айтылгандар изилдөөнүн сапатына доо кетире албайт.

**Тыянак:** Фольклордо айрыкча эпикалык жанрларга талдоо жүргүзүү кеңири илимий-теориялык тажрыйбаны талап кылат. Изденүүчүнүн ишинин көлөмү, мазмуну жана пайдаланган адабияттары анын бул илимге кирүү үчүн бир топ аракет жасаганынан кабар берип турат. Диссертантка мындан ары да илимий изилдөөлөрүн тереңдетет деген ишеним көрсөтүлөт. Маданова Кызбурак Жапаровнанын **“Манас” эпосундагы байыркы диний ишенимдердин эпикалык мотив катары берилиши ( С. Каралаевдин жана Б. Сазановдун варианттары боюнча)** деген темада жазган кандидаттык диссертациялык изилдөөсү өз алдынча жазылган теориялык жана практикалык мааниси жогору эмгек болуп саналат.

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине, КРнын УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу Д 10.20.616 диссертациялык кеңешке 10.01.09. – фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Маданова Кызбурак Жапаровнанын “Манас” эпосундагы байыркы диний ишенимдердин эпикалык мотив катары берилиши (С. Каралаевдин жана Б. Сазановдун варианттары боюнча)”** деген темадагы диссертациясы илимий жактан ЖАКтын талаптарына толук жооп берет жана изилдөөнүн автору филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

**Расмий оппонент, фиология илимдеринин**

**доктору, профессор:** **Байгазиев С.О.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ